**ТАРЫХ ИСТОРИЯ HISTORY**

УДК: 93/94 (575.2) (04)

**Ботобаев Каныбек Калбаевич,**
*«Кыргызмамжердолбоорлоо» мамлекеттик ишканасы, директордун орун басары*
**Нишанова Разия Абдунабиевна**
*КР УИАнын Б.Джамгерчинов атындагы Тарых археология*
*жана этнология институнун илимий кызматкери, изденүүчү*

## 1926-ЖЫЛДЫН 29-ЯНВАРЫНДА ТҮЗҮЛГӨН ПАРИТЕТТИК КОМИССИЯНЫН АТКАРГАН ИШТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

**Ботобаев Каныбек Калбаевич,**
*Государственное предприятие «Кыргызгипрозем», заместитель директора*
**Нишанова Разия Абдунабиевна**
*Научный сотрудник Института истории, археологии и этнологии*
*им.Б.Джамгерчинова НАН КР*

## О ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПАРИТЕТНОЙ КОМИССИИ, СОЗДАННОЙ 29 ЯНВАРЯ 1926 ГОДА

**Botobaev Kanybek Kalbaevich,**
*State enterprise "Kyrgyz state and design institute for land management", deputy director*
**Nishanova Razia Abdunabievna**
*Researcher at tht Institute of History,Frcheology and Etnology*
*named after B.Dzhamgerchinov*
*of the Natijnal Academy of the Kyrgyz Republic. Aspirate*

## ON THE ACTIVITIES OF THE PARITY COMMISSION, CREATED ON JANUARY 29, 1926

**Аннотация.** Макалада СССР борбордук аткаруу комитетинин 1926-жылдын 29-январындагы токтому менен түзүлгөн паритеттик комиссиянын аткарган иштери тиешелүү архивтик материалдардын негизинде талдоого алынган. Автор, РСФСР, ТССР жана УзССРдин ортосундагы чек араны Бүткүл Россиялык борбордук аткаруу комитетинин Президиумунун 1925-жылдын 5-майындагы №62 токтому менен бекиткенден кийин эле бул чек ара жазуусунун көптөгөн пункттары боюнча Союздук республикалар менен автономдук республикалардын жана областардын өкмөттөрүнүн арасында талаш-тартыштар күч алып кеткенин белгилейт. СССР борбордук аткаруу комитетинин 1926-жылдын 29-январындагы токтому менен бул талаш-тартыштарды жөнгө салуу үчүн Паритеттик комиссия түзүлүп, төрагасы болуп Д.И. Петровский дайындалат. Паритеттик комиссия тарабынан жалпысынан 45тен ашык маселе каралган. Комиссиянын алдында түзүлгөн Техникалык комиссиянын курамында 1924-1925-жылдары Кыргыз Автономиялуу Областынын көптөгөн жерлерин Өзбек ССРине өткөзүп беришке түздөн-түз катышы бар адамдар болгонун белгилейт. Паритеттик комиссиянын конструктивтүү иштебегенин конкреттүү мисалдарда көрсөтүп кетет. Жалпысынан кыргыз тарап 24 участок боюнча өзүнүн дооматтарын койгон болсо, анын ичинен болгону 6 участок гана кыргыздардын пайдасына чечилген. Калган 18 участок боюнча комиссия Кыргызстандын кызыкчылыгына каршы чечим кабыл алган. Ошол эле убакта Өзбек ССРи тарабынан 7 участок боюнча доомат койулган болсо, анын ичинен 5 участок Өзбек ССРинин пайдасына чечилген. Паритеттик комиссия тарабынан акыйкатсыз чечимдер кабыл алынгандыгына байланыштуу, комиссиянын ишинин жыйынтыгы 1926-жылдын күз айларында араң каралган. Паритеттик комиссиянын ишине Кыргыз Автономиялуу Областынын борбордук аткаруу комитети 1926-жылдын 25-апрелинде эле биринчилерден болуп каршы пикирлерин билдирген.

**Негизги сөздөр:** чек ара, область, автономия, Паритеттик комиссия, техникалык комиссия, участок, Совет бийлиги, аткаруу комитети.

**Аннотация.** В статье проанализирована работа паритетной комиссии, созданной постановлением ЦИК СССР от 29 января 1926 года, на основе соответствующих архивных материалов. Автор отмечает, что уже после утверждения границы между РСФСР, ТССР и УзССР

постановлением Президиума Всероссийского Центрального Исполнительного комитета от 5 мая 1925 года № 62 по многим пунктам данной границы разгорелись споры между союзными республиками и правительствами автономных республик и областей. Постановлением ЦИК СССР от 29 января 1926 года для урегулирования этих споров была создана паритетная комиссия, председателем которой стал Д.И. Петровский. Всего паритетной комиссией было рассмотрено более 45 вопросов. В состав созданной при паритетной комиссии технической комиссии вошли лица, непосредственно причастные к передаче в 1924-1925 годах многих земель Киргизской автономной области в состав Узбекской ССР. На конкретных примерах приводится, что паритетная комиссия конструктивно не работала. В общей сложности кыргызская сторона предъявила свои претензии по 24 участкам, из которых только 6 были решены в пользу кыргызов. По оставшимся 18 участкам комиссия приняла решение против интересов Кыргызстана. В то же время Узбекская ССР предъявила претензии по 7 участкам, из которых 5 были решены в пользу Узбекской ССР. Из-за несправедливых решений, принятых паритетной комиссией, результаты работы комиссии были рассмотрены только осенью 1926 года. Уже 25 апреля 1926 года Центральный Исполнительный комитет Киргизской автономной области одним из первых высказал возражения против принятых решений Паритетной комиссии.

**Ключевые слова:** граница, область, автономия, паритетная комиссия, техническая комиссия, участок, советская власть, исполнительный комитет.

**Astract**. The article analyzes the work of the parity commission, established by the resolution of the Central Executive Committee of the USSR dated January 29, 1926, on the basis of relevant archival materials. The author notes that after the approval of the border between the RSFSR, the TSR and the UZSSR by Resolution No. 62 of the Presidium of the All-Russian Central Executive Committee dated May 5, 1925, disputes broke out between the Union republics and the governments of autonomous republics and regions on many points of this border. By a resolution of the Central Executive Committee of the USSR dated January 29, 1926, a parity commission was established to settle these disputes, which was chaired by D.I. Petrovsky. In total, the parity commission considered more than 45 issues. The technical commission established under the parity commission included persons directly involved in the transfer of many lands of the Kyrgyz Autonomous Region to the Uzbek SSR in 1924-1925. Specific examples show that the parity commission did not work constructively. In total, the Kyrgyz side presented its claims on 24 sites, of which only 6 were resolved in favor of the Kyrgyz. For the remaining 18 sites, the commission made a decision against the interests of Kyrgyzstan. At the same time, the Uzbek SSR filed claims on 7 sites, of which 5 were resolved in favor of the Uzbek SSR. Due to unfair decisions made by the parity commission, the results of the commission's work were considered only in the autumn of 1926. Already on April 25, 1926, the Central Executive Committee of the Kyrgyz Autonomous Region was one of the first to object to the decisions of the Parity Commission.

**Key words:** border, region, autonomy, parity commission, technical commission, site, Soviet government, executive committee.

РСФСР, ТССР жана УзССРдин ортосундагы чек араны Бүткүл Россиялык борбордук аткаруу комитетинин Президиумунун 1925-жылдын 5-майындагы №62 токтому менен бекиткенден кийин, бул чек ара жазуусунун көптөгөн пункттары боюнча Союздук республикалар менен автономдук республикалардын жана областардын өкмөттөрүнүн арасында талаш-тартыштар күч алып кеткен [1].

Кыска убакыттын ичинде эле, белгисиз себептер менен волостордун же аймактардын кошуна мамлекеттин курамына кирип калганы тууралуу жаңы түзүлгөн республикалардан жана автономиялык областтардан 50 ашык арыздар Бүткүл Россиялык борбордук аткаруу комитетине жана СССР борбордук аткаруу комитетине келип түшкөн.

Ошолордун катарында Кыргыз Автономиялуу Областынын аткаруу комитети (төрагасы А. Орозбеков) Кыргыз Автономиялуу Областы менен Өзбек ССРинин ортосундагы республикалар аралык чек аранын 16 участогу боюнча өзүнүн көз карашын билдирген. Анын ичинен 8 участокту улуттук курамына карата, ал эми 8 участокту экономикалык көз караш боюнча Кыргыз Автономиялуу Областынын курамына кошуу зарыл экендигин белгилеп кеткен. Катта Бүткүл Россиялык борбордук аткаруу комитетинин Президиуму тарабынан 1925-

жылдын 5-майында кабыл алынган Кыргызстан менен Өзбекистандын ортосундагы чек ара сызыгы Кыргыз элинин кызыкчылыгына толук жооп бербестигин баса белгилеп, ушуга байланыштуу СССР Конституциясынын 2-беренесине ылайык, бул чек ара сызыгына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү талап кылган [2].

Орто-Азия Жоюуу Комитети тарабынан даярдалган республикалар аралык чек арага баардык жаңы түзүлгөн республикалар наразы экендигин эске алып, бирок ошол эле мезгилде пахта өндүргөн Өзбек ССРине тиешелүү участокторду кошуп берүү менен республикалар аралык чек араны бекемдөө максатында, СССР борбордук аткаруу комитети 1926-жылдын 29-январында паритеттик комиссия түзүү боюнча чечим кабыл алган.

РСФСР менен Өзбек ССРинин ортосундагы чек ара маселелерин жөнгө салуу үчүн түзүлгөн Паритеттик комиссиянын төрагасы болуп Д.И. Петровский дайындалат. Паритеттик Комиссиянын курамы 3 адамдан турган: төрагасы - Д.И.Петровский, мүчөлөрү: РСФСР (КАО)дин атынан Мурза-Галиев М. жана Өзбек ССРинин атынан Сеид-Али-Ходжаев. Бул паритеттик комиссия 1926-жылдын февраль-март айларында Кыргыз Автономиялуу Областы менен Өзбек ССРинин ортосундагы чек ара маселелерин айрым участокторун жеринде барып көрүп, калгандарын жергиликтүү адистерден түзүлгөн техникалык комиссия тарабынан даярдаган материалдардын негизинде тактап чыгышкан [3].

Паритеттик комиссиянын ишине Кыргыз-Автономиялуу Областынын атынан Зульфибаев Д., КАОну райондоштуруу комиссиясынын төрагасы Дублицкий жана Орто-Азиядагы Кыргызстандын өкүлү-Рафиковтор катышышкан.

Мындан бөлөк Борбордук Статистика Башкармалыгынан-Васильев, Орто-Азияны райондоштуруу боюнча комиссиянын төрагасынын орун басары - Магидович, Орто-Азиядагы Казакстандын өкүлү - Романов, Орто-Азиядагы Казакстандын ыйгарым укуктуу өкүлү-Хурганев, Упол СТОдон-профессор Шлегельдер катышышкан.

Паритеттик Комиссия тарабынан жалпысынан 45тен ашык маселе каралган.

Кыска убакыттын ичинде Комиссия баардык талаш болгон айылдарга, волосторго барып, жеринде маселени чечүүгө мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Негизинен улуттар аралык чыр-чатак болгон, талаш участоко коюлган дооматтарды негиздеген материалдары жетишсиз болгон участокторго гана барышып, жеринде тактоо иштерин жүргүзө алышкан.

Мындай участоктордун катарына, батышта кыргыз-казактар менен түркмөндөрдүн ортосундагы Кара-Бугаздагы жер тилкеси, кара-кыргыздар менен өзбектердин ортосундагы талаш болгон Ходжент уездинин түштүк тарабындагы жерлер жана Фергана өрөөнүнүн чыгыш тарабында жайгашкан бир катар волосттор кирген.

Комиссиянын ишинин жүрүшүндө арыз берген жактар өздөрүнүн койгон маселелеринин кээ бирлерин кайтарып алган учурлар да болгон.

Жерлердин пайдалануу чектерин тактоо, жайыт, суу маселелерин жөнгө салуу жана картографиялык материалдар менен иштөө үчүн, Паритеттик комиссия өзүнүн алдында техникалык комиссия түзгөн. Техникалык комиссиянын курамында Магидович (техкомиссиянын төрагасы), Васильев, Шлегель, Дублицкий жана башка жергиликтүү адистер болушкан.

1924-1925-жылдары булар Орто-Азияны Жоюуу комитетинин алдындагы чек араларды тактоо боюнча комиссиянын да активдүү мүчөлөрү болушуп, убагында Кыргыз Автономиялуу Областынын көптөгөн жерлерин Өзбек ССРине өткөзүп беришке түздөн-түз катышы бар адамдар эле.

Албетте, бул адистер паритеттик комиссиянын ишинде өздөрүнүн баштагы жасаган иштерин коргоп, оңу келсе андан ары улантышкан деп айтсак жаңылышпайбыз. Паритеттик комиссиянын чечимдеринин көпчүлүгү ушул техникалык топтун даярдаган аргументтеринин негизинде кабыл алынган.

Жалпысынан Петровский жетектеген паритеттик комиссия 15 протокол түзгөн анын ичинен Кыргыз Автономиялуу Областына тиешелүүсү 9 протокол. Тогуз протоколдун беш протоколу паритеттик комиссия тарабынан талаа-изилдөө иштерин жүргүзүп жаткан мезгилде түзүлгөн. Бул протоколдордо комиссиянын аткарган иштери кыскача белгиленип, кабыл алган чечимдери негизинен айтылган ой-пикирлерди эске алуу менен чектелген.

1926-жылдын 12- мартында Самарканд шаарында паритеттик комиссиянын кезектеги жетинчи отуруму болуп, күн тартибиндеги маселе боюнча биринчилерден болуп Кыргыз Автономиялуу Областынын

Өзбек ССРине койгон дооматтарын угушкан. Кыргыз Автономиялуу Областынын өкүлү Рафиков өзүнүн сөзүндө, областын аткаруу комитети тарабынан даярдалган Өзбек ССРине болгон 20 дан ашык дооматтарга кеңири токтолуп өткөн. Комиссия мүчөлөрү тарабынан айтылган дооматтар эске алынган. Күн тартибинин андан кийинки маселесинде, комиссия мүчөлөрү Фергана өрөөнүнө барып, талаш участоктор менен жеринде таанышып чыгууну туура деп табышкан. Жыйынтыгында паритеттик комиссиянын отурумунун №7 протоколу түзүлгөн [4].

Паритеттик комиссиянын мүчөлөрү жергиликтүү бийликтин өкүлдөрүнүн коштоосу менен 1926-жылдын 14-мартында Кыргыз Автономиялуу Областынын Жалал-Абад округунун борбору болгон Жалал-Абад шаарына келишкен. Комиссиянын кезектеги отуруму Жалал-Абад шаарында, 1926-жылдын 15- мартында эртең мененки саат 9да башталып, Жалал-Абад округдук аткаруу комитетинин төрагасы Ашуров, Жалал-Абад, Ханабад, Айым волостору жана Сузак айылдык коомчулугу боюнча чек ара маселелери жана эки тараптын бири-бирине койгон дооматтары боюнча кеңири маалымат берген. Комиссия мүчөлөрү тарабынан айтылган дооматтар эске алынып, маселе менен жерине барып таанышуу үчүн комиссия Сузак айылына барышкан [5].

Паритеттик комиссиянын төрагасы Д.И.Петровскийдин сунушу менен Сузак айылында элдик жыйын өткөзүлүп, Комиссия тарабынан баардык айтылган ой-пикирлер эске алынып, андан ары Ханабад волостунун Бегават айылында жолугушуу болгон [6].

Д.И.Петровскийдин сунушу менен комиссиянын Бегават айылындагы жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү менен жолугушуусу 1926-жылдын 15-мартында кечинде болуп, аягында Петровский, Мурза-Галиев жана Сеид-Али-Ходжаевдер жергиликтүү бийлик өкүлдөрүн катыштырбастан айылдын бир канча үйүнө кирип, кайсы тарапта калышын билүү үчүн сурамжылоо иштерин жүргүзүшкөн [7].

Айым кыштагына комиссия 1926-жылдын 16-мартында түшкө чен келишкен. Жергиликтүү бийлик өкүлдөрү, "Кошчу" бирикмесинин жана айыл чарба кооперативинин өкүлдөрү чакырылып, суроо-жооп жүргүзүлгөн. Ошондой эле Петровский, Айым волостун Өзбекистанга кошуу боюнча арыз менен Москва шаарына барган өкүлчүлүктү да чогулушка чакырып, алардын ойлорун уккан.

Жыйынтыгында чакырылгандардын ой-пикирин жана Мурза-Галиев менен Васильевтин докладын эске алып, комиссия Бакса-Исфана волостуна жөнөп кеткен [8].

Паритеттик Комиссия Бакса-Исфана волостунун Сүлүктү айылына 1926-жылдын 17-мартында түштөн кийин келген. Д.И.Петровскийдин сунушу боюнча комиссиянын отурумуна жергиликтүү бийлик өкүлдөрү чакырылып, суроо-жооп жүргүзүлгөн. Аягында жергиликтүү бийлик өкүлдөрүн катыштырбастан, жергиликтүү жашоочулардын кайсыл тарапта калышын билүү үчүн айылда сурамжылоо иштерин жүргүзүшкөн [9].

1926-жылдын 19-мартында Паритеттик комиссиянын мүчөлөрү жана республикалардын, областардын өкүлдөрү Самарканд шаарына кайтып келишип, 20-март-та Самарканд шаарында Паритеттик комиссиянын кезектеги отуруму болуп, 18 маселе каралган.

Отурумда Өзбек Республикасынын Кыргыз Автономиялуу Областынын Жалал-Абад округуна караштуу Ак-Коргон жана Баястан айылдык коомчулуктары боюнча койгон дооматтары каралып, бул айылдык коомчулуктарынын баардык айылдары жана тиешелүү жерлери менен Өзбекистанга өткөзүп берүү жөнүндө чечим кабыл алган.

Паритеттик комиссиянын конструктивдүү иштебегенин ушул жерден көрсөк болот. Анткени, кыргыз тарап Варзык, Заркент айылдарын Кыргыз Автономиялуу Областына жанаша жайгашканын жана экономикалык борбор болуп берээрин негиздеп суранганда комиссия ал жердин улуттук курамына карап эле кыргыздардын өтүнүчүнө каршы чечим кабыл алып койгон.

Ал эми бул жерде Өзбекистанга жанаша жайгашканын жана экономикалык жагына басым жасап, кыргыздар жашаган Баястан, Ак-Коргон айылдык коомчулуктарын Өзбек ССРине кошуу жөнүндө акыйкатсыз чечим кабыл алынган.

Ушул эле отурумда Кыргыз Автономиялуу Областынын Өзбек Республикасынын Наманган уездине караштуу Варзык волостунун Варзык айылы боюнча койгон дооматы каралган. Кыргыз тарап, Варзык айылы Кыргыз Автономиялуу Областы менен чектеш жайгашкан жана экономикалык жактан кыргыздардын Чаткал жана Кутлук-Сейит волостору менен тыгыз байланышкан, эки волостун эл-

дери соода-сатыкты Варзык айылындагы базарда жүргүзүшөт, ошондуктан келечекте Варзык айылы Чаткал жана Кутлук-Сейит волосторунун өнүгүшү үчүн экономикалык борбор болуп берет деген ой менен Кыргызстандын аймагына калтырууну сунушташкан.

Бирок, Комиссия республикалар аралык чек ара элдердин экономикалык, соода-сатык мамилелерине терс таасир этпесин жана улуту боюнча Өзбек Республикасына таандык экендигин баса белгилеп, кыргыз тараптын дооматын четке каккан.Ушуга окшогон эле акыйкатсыз чечимди Комиссия, Кыргыз Автономиялуу Областынын Өзбек Республикасынын Наманган уездине караштуу Нанай волостунун Заркент айылы боюнча койгон доомааты боюнча да кабыл алган. Кыргыз тарап, Заркент айылы Кыргыз Автономиялуу Областы менен чектеш жайгашып, экономикалык жактан кыргыздардын волостору менен тыгыз байланышканын, элдери соода-сатыкты Заркен айылындагы базарда жүргүзүшөрүн эске алып, келечекте Заркент айылы экономикалык борбор болуп берет деген ой менен жана Заркент айылынын түндүк тарабында жайгашкан Өзбек ССРинин Нанай, Мамай жана Чаласарт айылдары Кыргыз Автономиялуу Областынын аймагына шынаа болуп кирип, республикалар ортосунда түзүлгөн туташ эместиктерди (чересполосица) жоюу максатында Заркент айылын кыргызстандын аймагында калтырууну сунушташкан.

Техникалык комиссиянын берген туура эмес корутундусунун негизинде Паритеттик комиссия кыргыз тараптын дооматын четке каккан. Отурумдун жүрүшүндө Өзбекистандын Кыргыз Автономиялуу Областынын Ош волостуна жана Ош шаарына болгон доомattары каралган.

Бул маселени чечүүдө Комиссия, улутуна карата бөлүштүрүү принцибин эске албастан, негизинен саясий жана экономикалык кызыкчылыктар боюнча чечим кабыл алып, кыргыз тараптын пикирине колдоо көрсөткөн. Анткени, Паритеттик комиссиянын төрагасы докладында, Ош шаары - КАОына өткөн Фергана өрөөнүнүн тоолуу аймактары үчүн соода-сатык жана административтик борбор боло ала турган жалгыз шаар. Шаар Ак-Буура дарыясынын төмөнкү агымында жайгашып, бул дарыянын бассейнинде жайгашкан кыргыздардын волостору менен ирригациялык жактан тыгыз байланышта. Ош шаары тогуз жолдун тоомунда жайгашып, бул жерден Ош уездинин баардык волосторуна жана Алай өрөөнүнө барчуу жолдор башталат деп акыйкат белгилеп кеткен [13].

Бул шаарды Өзбекистанга берсе кыргыздар эбегейсиз аймакта чакан айылдары менен кокту-колоттордо чачыранды болуп кетмек.

Ош волостун картографиялык материалдардын жана статистикалык маалыматтардын негизинде тактап көргөндө, волость Ош шаары менен тыгыз, аралашып жайгашканы жана волостун жерлерин Ош шаарынын эле элдери пайдаланаары такталган. Жашаган элдердин курамын карап көргөндө ошол эле Ош шаарынын элдери жайында волостко, ал эми кыш мезгилинде шаарга келип жашаары аныкталган.

Ошондуктан Паритеттик комиссия Ош волостун Ош шаарынан бөлүп кароого болбойт деген чечим кабыл алып, Ош шаарын жана Ош волостун Кыргыз Автономиялуу Областынын курамында калтыруу жөнүндө акыйкат чечим кабыл алган.

Ушул эле отурумда Кыргыз Автономиялуу Областынын Өзбек

ССРинин Фергана уездине караштуу Ауваль волостунун Үч-Коргон айылы, Чимион волостунун Вуадиль жана Чимион айылдары боюнча койгон доомattары каралган.

Кыргыз Автономиялуу Областы өзүнүн койгон доомattарын төмөндөгүлөр менен негиздеген: а) Кошуна жашаган кыргыздардын турмуш-тиричилиги ушул айылдарменен тыгыз байланышта. Келечекте айланасындагы кыргыз волосторуна жакшы экономикалык борбор болуп бере алат. б) Бул айылдарда өзбектер эмес тажик улутундагы элдер жашашат. Ал эми Чимион айылында кыргыздар да көпчүлүктү түзүшөт. в) Чек ара сызыгы бир топ түздөлүп калмак.

Паритеттик Комиссия техникалык комиссиянын берген туура эмес маалыматтарынын негизинде Үч-Коргон, Вуадиль жана Чимион айылдарын Кыргыз Автономиялуу Областынын курамына кошконго болбойт деген акыйкатсыз чечим кабыл алган.

Паритеттик комиссиянын бул жолку отурумунда кыргыз тарап койгон доомattардын бири дагы кыргызстандын пайдасына чечилген эмес. Ал эми Өзбекистандын курамына Кыргыз Автономиялуу Областынын Ак-Коргон жана Баястан айылдык коомчулуктары өткөзүлүп берилген [10].

Паритеттик комиссиянын кезектеги отуруму Самарканд шаарында 1926-жылдын 21- мартында болуп, Кыргыз Автономиялуу Обласы менен Өзбек ССРинин ортосундагы чек ара маселелерине тиешелүү 7 маселе каралган.

Техникалык комиссияга берилген тапшырмалар боюнча отчеттор угулуп, жыйынтыгында участоктор боюнча паритеттик комиссиянын чечимдери кабыл алынган.

Кыргыз Автономиялуу Обласынын Өзбек Республикасынын Ташкент уездине караштуу Бетегели-Койташ участогуна койгон доомату каралган.

Кыргыз тарап, Чаткал аймагында кардын көп жааганына байланыштуу, Чат-кал волостунунэлдеринин малы кыш мезгилинде Ангрен дарыясынын төрүн кышкы жайыт катары пайдаланып келет, ошондуктан Бетегели-Койташ участогу Кыргызстандын аймагына кириши керек деген доомат койгон. Бул отурумда Паритеттик комиссия, Бетегели-Койташ участогунда чек араны жерлерди пайдалануу чектери менен өткөзсө болот деген чечим кабыл алган. Бирок, кийинки отурумда Техникалык комиссия, Ангрен дарыясынын бассейинин кыргыз тарапка берсе, бул аймакта суу чарбасын башкарууга терс таасирин тийгизип калышы мүмкүн деген тастыкталбаган аргументтерди бергендиктен, Паритеттик Комиссия Кыргыз Автономиялуу Обласынын дооматын четке каккан.

Кассансай дарыясынын жээгинде жайгашкан Уртукай аймагын Чаткал жана Багыш волосторунун элдери биргелешип пайдаланып келишкен, ошондуктан Уртукай аймагын Кыргызстандын курамына кошуу керек деген кыргыз тараптын дооматын дагы, Техникалык комиссиянын берген так эмес маалыматынын негизинде эле, четке каккан [14].

Кыргыз тарап, Наманган уездинин Үч-Коргон темир жол станциясы кошуна жайгашкан кыргыз волосторуна келечекте экономикалык борбор болоорун, бул волостордун элдери Үч-Коргон темир жол станциясы менен күнүмдүк тиричилиги менен да тыгыз байланышта экенин эске алып, станцияны Кыргыз Автономиялуу Обласынын аймагына кошуп берүүнү сунуштаган. Бирок, комиссия Үч-Коргон темир жол станциясын Өзбек ССРинин аймагында калтыруу жөнүндө чечим кабыл алган. Ал эми Ак-Сай, Каланташ, Джалал-Тюбе, Улак-Уйнар жана Кочкор-Ата аймактары боюнча кыргыз тараптын койгон дооматын Паритеттик комиссия, 1913-жылы Көчүрүү башкармалыгы тарабынан даярдалган, Андижан уездиндеги көчмөн кыргыздардын пайдаланган жерлери көрсөтүлгөн картографиялык материалдардын негизинде тактаганда бул аймактар Наукент, Майлисай, Кара-Куль-Серисуу жана Базар-Коргон волосторунун көчмөн кыргыз элдерине бөлүнгөн жер экени аныкталган. Орто-Азия Жоюуу Комитети (Средазликвидком) тарабынан даярдалган чек ара жазуусу боюнча, чынында эле Кыргыз Автономиялуу Обласынын бир топ жери Өзбек ССРинин аймагына негизсиз кошулуп кеткени аныкталган [14], [15].

Ушулардын негизинде Комиссия, жогоруда белгиленген аймактарды кыргыз тарапка калтырып, чек араны кайрадан жазуу боюнча токтом кабыл алган. Бирок, белгилей кетчүү нерсе бул жерлер Кыргызстанга 10 жылдан кийин гана 1936-1938-жылдары атайын түзүлгөн макулдашуу комиссиясы тарабынан өткөзүлүп берилген.

Отурумда Кыргыз Автономиялуу Обласынын Өзбек ССРинин Кокон уездине караштуу Исфара жана Сох волостору боюнча койгон дооматтары волостордун улуттук курамы, географиялык жайгашуусу жана экономикасы боюнча негизделген.

Географиялык жайгашканына карата кыргыз тараптын пикири боюнча бул волостордун Өзбекистанга каратып койгон учурда, узуну 80 верстко, туурасы ½ верстон 6 верстко чейин болгон, Туркестан тоо кыркасына чейин жеткен, кууш коридорлор пайда болуп, бул коридор Кыргызстандын Лейлек, Нойгут-Кыпчак жана Яаукесек-Бостон волосторун негизги аймактан ажыратып, мамлекеттер аралык туташ эместиктикти (чересполосицаны) жана ичке тилке болуп кирип калган жер участогун (вклинивание) пайда кылат деп белгилешкен. Бирок, паритеттик Комиссия масштабы 40 верстук (1: 1 680 000) картографиялык материалда кыргыздардын үч волосту жетишээрлик кең коридор аркылуу Кыргыз Автономиялуу Обласынын негизги аймагы менен байланышып турат, ошондуктан кыргыз тараптын жогорудагы дооматтары негизсиз деген туура эмес чечим кабыл алган. (Бул жерде көрүнүп тургандай комиссия мүчөлөрү картография боюнча түшүнүгү болгон эмес, же болбосо атайын билмексен болушкан. Анткени жогоруда айтылган "кең коридор" бийиктиги де-ңиз деңгээлинен 3000-5000 метирден

ашык болгон аска зоолор аркылуу өтөөрү баарыбызга белгилүү).

Паритеттик комиссия кыргыздардын дооматтарын негизсиз деп таап, четке каккан.

Бул жерде Паритеттик комиссиянын пикири толугу менен техникалык комиссия тарабынан даярдалган аргументтерге негизделгени көрүнүп турат. Анткени Өзбекитсандын пахта талааларына Сох жана Исфара дарыяларынын суулары керек болгон. Алдын ала берилген көрсөтмөлөргө ылайык техникалык комиссия тарабынан Өзбекистандын кызыкчылыгын көздөп иш алынып барылган. Техникалык комиссия бул аймактын чек арасын тактоодо эмнегедир 1915-жылы көчүрүү башкармалыгы тарабынан даярдалган, "Фергана областынын түштүк тарабындагы (Кокон, Фергана жана Ош уездери) көчмөн кыргыздар пайдаланган жерлер жөнүндө материалдардын жыйнагын" өзүнүн ишинде пайдаланган эмес [16].

Паритеттик комиссиянын акыркы отуруму 1926-жылдын 25-мартында Таш-кент шаарында болуп, жалпысынан 11 маселе каралган. Техникалык комиссия Кыргызстан менен Өзбекистандын чек арасындагы талаш маселелер боюнча жалпы отчет берген. Паритеттик комиссия отчетто көрсөтүлгөндөрдү эске алып, андан ары талаш участоктор боюнча талкуу жүргүзүүнү уланткан.

Отурумда Кыргыз Автономиялуу Областынын Өзбек ССРинин Андижан уездине караштуу Ханабад волосту боюнча койгон доомату каралган.

Кыргыз тарап өзүнүн дооматын төмөндөгү жүйөөлөр менен негиздеген.

1) Ханабад волосту Кампир-Рават суу системасынын башкы курулушуна чейин кууш коридор болуп КАОнун аймагына кирип турат.

2) Ханабад волостунда жалпысынан кыргыздардын саны артыкчылык кылаарын, чоң айылдарда гана өзбек жана уйгурлардын саны көпчүлүктү түзүшү мүмкүн экенин.

3) Элдердин жайгашышы, жашоо шарты боюнча Ханабад волосту кошуна Жалал-Абад волостуна дээрлик окшош. Ошондой эле бул волость менен бирдиктүү чарбалык-экономикалык районду түзөөрүн.

4) Ханабад волостунда жашаган кыргыздар ар дайым Кыргыз Автономиялуу Областына кошулуу жөнүндө арыз менен областык аткаруу комитетине кайрылып турушкан.

Техникалык комиссия тарабынан, Ханабад айылдык коомчулугунун аймагында жайгашкан Кампир-Рават негизги суу бөлгүчүнөн Андижан-Сай жана Шарихан-Сай негизги магистралдык суу каналдары суу алышаары жана Фергана өрөөнүндөгү негизги пахта эгүүчү райондорду суу менен камсыз кылуу ушул магистралдык каналдар аркылуу жүргүзүлөөрү баса белгиленген.

Жогорудагы техникалык комиссия тарабынан даярдалган маалыматтардын негизинде Паритеттик комиссия, Ханабад волостунун Беговат айылдык коомчулугун Кыргыз Автономиялуу Областынын курамына кошуу боюнча чечим кабыл алган. Ал эми калган Фазилман-Ата жана Ханабад айылдык коомчулуктары боюнча КАОнын доомаtы четке кагылган. Ушул эле отурумда Паритеттик комиссия тарабынан, Кыргыз Автономиялуу Областы менен Өзбек ССРинин Фергана өрөөнүнүн чыгыш бурчунда жайгашкан Айым, Кара-Суу, Чимион, Курган-Тепе жана Жалал-Кудук волостору боюнча койгон дооматтары каралган.

Өзбек Республикасы Кара-Дарыя дарыясынын сол жээгинде жайгашкан Айым волостунун бир бөлүгүн кошуп алууга доомат койсо, Кыргыз Автономиялуу Областы Кара-Суу, Чимион, Курган-Тепе жана Жалал-Кудук волосторунун айрым бөлүктөрүн өзүнө кошуп алуу боюнча дооматтарды койгон.

Эки тараптын тең дооматтары ошол волостордо өзбек, кыргыз элдеринин саны көптүгүнө негизделген. Кыргыз тарап, айтылган волостордо кыргыздар менен кыпчактардын көптүгүн дооматында баса белгилеп кеткен.

Техникалык комиссия дооматтарда көрсөтүлгөндөр менен таанышып чыкканда Айым волостунун сол тарабы жана кыргыздар тарабынан көрсөтүлгөн волостор Кара-Дарыя дарыясы менен Шарихан-Сай магистралдык каналынын ортосунда жайгашып, Андижан магистралдык каналы бул аймакты чыгыштан-батышка карай кесип өтөөрү жана эки канал тең Фергана өрөөнүндөгү Өзбекистандын пахта эккен чарбаларынын жерлерин сугат суу менен камсыз кылаары такталган.

Ошондуктан техникалык комиссия бул аймакта кайсы бир улуттук айылдык коомчулукту бөлүп чыгарууну мүмкүн эмес деп тапкан жана бул аймакты бөлүнбөгөн бир район катары кароо керектигин сунуштаган.

Паритеттик комиссиянын оюу боюнча, экономикалык жагынан караганда деле

Союздук мааниси бар пахта эгилүүчү районду бөлүп жаруу максатка туура келбейт деп эсептеген. Ошондой эле Андижан-Сай, Шарихан-Сайга окшогон маанилүү магистралдык каналдардын жогорку агымын бөлүштүрүү рационалдуу болбой калат деген пикирде болушкан.

Аягында, Паритеттик комиссия бул волосторду жана Айым волостунун сол бөлүгүн өз-ара экономикалык жактан бириктирип, негизги экономикалык борбор болгон Андижан шаарына байлаш керек деген сунушун берген.Ушундай негизделген, негизделбеген себептерди эске алып, Паритеттик комиссия бул районду Өзбекистанга тиешелүү деп тапкан. Айым волостунун Кара-Дарыя дарыя-сынын оң тарабындагы эки айылдык коомчулугу Кыргыз Автономиялуу Об-ластынын курамында калтырылган. Кыр-гыздардын Өзбек ССРинин Андижан уездине караштуу Маняк, Булак-Башы волосторуна койгон дооматтары улуттук курамга негизделген, анткени бул во-лостордо кыргыздар көпчүлүктү түзгөн.

Техникалык комиссиянын туура эмес берген маалыматынын негизинде, Паритеттик комиссия Маняк волостунун Ардай айылдык коомчулугун Кыргыз Автономиялуу Областынын аймагына кошуу, ал эми калган волосторду Өзбек ССРинин курамында калтыруу жөнүндө чечим кабыл алган. Отурумда Өзбек Республикасынын Кыргыз Автономиялуу Областынын Ош округуна караштуу Араван волостуна жана Кыргыз Автономиялуу Областынын Өзбек Республикасынын Фергана уездинин Мархамат волостуна койгон дооматтары каралган.

Өзбекистан Араван волостунда өзбек жана тажик улутундагы элдер басымдуу көпчүлүгүн түзөөрүн белгилеп, волосту Өзбек ССРинин курамына кошуу сунушун киргизген.

Техникалык комиссия тарабынан даярдалган сунушту эске алып, Паритеттик комиссия 5 айылдык коомчулуктарды Өзбекстандын аймагына кошкон. Ал эми Мангыт, Тулейкен жана Төө-Моюн айылдык коомчулуктарында кыргыздардын саны көп болгондуктан жана чектеш жайгашкандыктан Кыргыз Автономиялуу Областынын курамында калтырылган.

Кыргызтараптынкойгондооматтарынын негизгилеринин бири болуп,

Ходжент уездинин Чапкулдук жана Бакса-Исфана волосторун Кыргыз Автономиялуу Областынын курамына кошуу болгон.

Отурумда кыргыз тарап өзүнүн дооматын төмөндөгүлөр менен негиздеген:

1. Бул волостордо жашаган элдердин 75%ын кыргыздар түзөт.

2. Өзбек тарап кыргыздардын кызыкчылыгын эске албастан кысымга алгандыктан, алар ар кандай инстанцияларга Кыргызстанга кошулуу боюнча арыздар менен кайрылышкан.

Паритеттик комиссия тарабынан Бакса-Исфана жана Чапкулдук волосторунда кыргыздар көпчүлүктү түзөөрүн эске алып жана жерине (Исфана, Сүлүктү жана Танги-Башы айылдарына) барып таанышып чыгышканда Өзбек ССРиндеги жүргүзүлүп жаткан райондоштуруунун жыйынтыгы менен Бакса-Исфана волосту жалаң өзбектер менен тажиктер жашаган Нау районуна, Чапкулдук волосту Костакоз районуна кошулганын, бул райондо уюштурулган 28 мектептин 26сы өзбек волосторуна, 2 мектеп гана Бакса-Исфана волостуна карап калганына. Анын үстүнө баардык мектептерде сабактар өзбек тилинде өткөзүлөөрүнө. Ошондой эле салыкты эсептөөдө жергиликтүү мал чарбачылыгынын өзгөчө шарттары эске алынбаганынын себебинен, кыргыздарга негизи жок эле өтө оор айыл чарба салыктары салынаарына жана чындыгында өзбек бийлиги кыргыздар үчүн экономикалык жана агартуу мүнөздө эч кандай уюштуруу иштерин жүргүзбөгөндүгүнө күбө болушкан.

Ушуларга байланыштуу Паритеттик комиссия Чапкулдук жана Бакса-Исфана волосторун Кыргызстанга кошуу жөнүндө чечим кабыл алган.

Сүлүктү копиясы чыгашалуу ишкана катары, ар жылы Өзбек өкмөтүнүн дотациясында турган. Сүлүктүнү кыргыз тарапка берген учурда Кыргыз өкмөтү пайдасыз ишкананы жаап салышы мүмкүн деген туура эмес пикирди өзбек тарап, комиссиянын отурумунда жарыя кылып, бул участокту Өзбек ССРинин курамында калтырууну сунуштаган.

Ушундай негизи жок жүйөөлөрдүн негизинде Паритеттик комиссия, Сүлүктү копиясын Кыргызстанга өткөзүп берүүнү максатсыз деп эсептеп, Өзбекистандын курамында калтыруу боюнча туура эмес чечим кабыл алган.

Жогоруда келтирилген Паритеттик комиссиянын протоколдорунун жана талааизилдөө иштеринин жыйынтыктары менен

комиссиянын төрагасы Д.И.Петровский СССР борбордук аткаруу комитетинин Президиумуна кеңири доклад даярдаган. Докладта кыргыз тараптын койгон ар-бир дооматына токтолуп, кабыл алынган чечимдердин объективтүү кабыл алынганын аргументтер менен тастыктаганга аракет жасаган [13].

Докладдын акырында Паритеттик комиссиянын 6 барактан турган корутундусу чыгарылып, анда кыргыздардын койгон дооматтарынын көпчүлүгү туура эмес экен деп белгиленген.

Жалпысынан кыргыз тарап Паритеттик комиссиянын кароосуна 24 участок боюнча өзүнүн дооматтарын койгон болсо, анын ичинен болгону 6 участок гана Кыргыз Автономиялуу Областынын пайдасына чечилген. Комиссиянын ишинин жыйынтыгы менен 1 волост (Чапкулдук) толугу менен, 1 волостун (Бакса-Исфана) бир бөлүгү, 1 аймак (Улак-Ойнор, Кочкор-Ата ж.б.) жана 3 айылдык коомчулук(Төө-Моюун, Ардай, Бек-Абад) Кыргыз Автономиялуу Областынын курамына кошулган. Калган 18 участок боюнча комиссия кыргызстандын кызыкчылыгына каршы чечим кабыл алган. Ошол эле убакта Өзбек ССРи тарабынан Паритеттик комиссиянын кароосуна 7 участок боюнча доомат коюлган болсо, анын ичинен 5 участок Өзбек ССРинин пайдасына чечилген. 2 волостун жарымы (Айым, Араван), 2 айылдык коомчулук (Ак-Коргон, Баястан) жана 1 участок (Сүлүктү копиясы).

Жогоруда белгиленгендей Паритеттик комиссия тарабынан акыйкатсыз чечимдер кабыл алынгандыгынан байланыштуу, Паритеттик комиссиянын ишинин жыйынтыгын кароо СССР борбордук аткаруу комитети тарабынан бир нече жолу кийинкиге калтырылып, алгач Бүткүл Россиялык борбордук аткаруу комитетинин (ВЦИК) Президиумунун 1926-жылдын 30-августундагы отурумунда угулуп, андан кийин СССРдин борбордук аткаруу комитетинин Президиумунун 1926-жылдын 10-сентябрындагы отурумунда араң каралган (№60-Протокол).

Белгилей кетчүү нерсе, Петровский жетектеген Паритеттик комиссиянын ишине Кыргыз Автономиялуу Областынын борбордук аткаруу комитети биринчилерден болуп каршы пикирлерин билдирген. Буга мисал катары, 1926-жылдын 25-апрелиндеги Кыргыз Автономиялуу ССРинин аткаруу комитетинин СССР борбордук аткаруу комитетинин, Кыргыз Автономиялуу Областын райондоштуруу комиссиясынын төрагасы Дублицкийдин Паритеттик комиссиянын төрагасы Д.И. Петровскийге жана 1926-жылдын 21-декабрындагы Кыргыз Автономиялуу Областынын аткаруу комитетинин төрагасы Орозбековдун СССР борбордук аткаруу комитетине жазган каттарын белгилеп кетсек болот.

Ушундай наараазычылыктардан кийин СССР борбордук аткаруу комитети тарабынан башка паритеттик комиссиялар түзүлүп, кыргыз-өзбек чек арасын тактоо иштери улана берген.

**Адабияттар:**


1. Протокол №62 заседания Президиума Всероссийского Центрального Исполнительного Комитета Советов от 4 мая 1925 года. ГАРФ. Ф. 1235. Оп. 41. Д. 4. Л. 329, 332об., 333, 333об.
2. Соображения области по уточнению границ между Киргизской Автономной Области и Узбекской ССР 1925 год. ЦГА КР Ф. 20. Оп. 1. Д. 347. Л. 37-41.
3. Протокол №35 заседания Президиума ЦИК Союза ССР от 29 января 1926 года. ГАРФ. Ф. 3316. Оп. 18. Д. 238. Л. 48.
4. Протокол № 7 от 12.03. 1926 г. Паритетной комиссии ЦИК СССР от 29 января 1926 года. ГАРФ. Ф. 1235. Оп. 120. Д. 31. Л. 384.
5. Протокол №8 от 15.03. 1926 г. Паритетной комиссии ЦИК СССР от 29 января 1926 года. ГАРФ. Ф. 1235. Оп. 120. Д. 31. Л. 383.
6. Протокол № 9 от 15.03. 1926 г. Паритетной комиссии ЦИК СССР от 29 января 1926 года. ГАРФ. Ф. 1235. Оп. 120. Д. 31. Л. 382.
7. Протокол № 10 от 15.03. 1926 г. Паритетной комиссии ЦИК СССР от 29 января 1926 года. ГАРФ. Ф. 1235. Оп. 120. Д. 31. Л. 381.
8. Протокол № 11 от 16.03.1926 г. Паритетной комиссии ЦИК СССР от 29 января 1926 года. ГАРФ. Ф. 1235. Оп. 120. Д. 31. Л. 380.
9. Протокол № 12 от 17.03.1926 г. Паритетной комиссии ЦИК СССР от 29 января 1926 года. ГАРФ. Ф. 1235. Оп. 120. Д. 31. Л. 379.
10. Протокол №13 от 20.03.1926 г. Паритетной комиссии ЦИК СССР от 29 января 1926 года. ГАРФ. Ф. 1235. Оп. 120. Д. 31. Л. 378, 378об, 379, 379об.
11. Протокол № 14 от 21.03.1926 г. Паритетной комиссии ЦИК СССР от 29 января 1926 года. ГАРФ. Ф. 1235. Оп. 120. Д. 31. Л. 376, 376об.

12. Протокол № 15 от 25.03.1926 г. Паритетной комиссии ЦИК СССР от 29 января 1926 года. ГАРФ. Ф. 1235. Оп. 120. Д. 31. Л. 373, 373об, 374, 374об, 375, 375об.
13. Доклад Комиссии ЦИК Союза ССР по разрешению пограничных споров между республиками Средней Азии. ГАРФ. Ф. 3316. Оп. 12. Д. 119. Л. 140-179.
14. Материалы по кыргызскому землепользованию Наманганского уезда Ферганской области. Ташкент. 1913 г.
15. Материалы по кыргызскому землепользованию Андижанского уезда Ферганской области. Ташкент. 1913 г.
16. Материалы по землепользованию кочевого киргизского населения южной части Ферганской долины (Ошский, Скобелевский и Кокандский уезды). [Часть 1.] Ташкент, 1915 год.